DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Суюнова А.А.*

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ БОЮНЧА МЕКТЕП ОЛИМПИАДАСЫНДА ЛИРИКАЛЫК ЧЫГАРМАГА ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН АЙРЫМ ЫКМАЛАРЫ

*Суюнова А.А.*

# НЕКОТОРЫЕ СПОСОБЫ АНАЛИЗА ЛИРИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ПО КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ ДЛЯ ШКОЛЬНОЙ ОЛИМПИАДЫ

*A. Suyunova*

# SOME WAYS OF ANALYZING COMPOSITIONS ON KYRGYZ LITERATURE FOR THE SCHOOL OLYMPIAD

*УДК: 370/247-91*

*Азыркы учурда мектеп программасына кирген лирикалык чыгармаларга талдоо жүргүзүүдө методикалык колдонмолордун, китептердин жетишсиздиги кыргыз адабияты мугалимдеринин негизги көйгөйү болуп саналат. Адабият (кыргыз // орус) сабагында көркөм чыгарманын маңызын ачууда канчалык туура жана көп талдоо жүргүзүлсө, чыгарманы окуп бүткөн окуучуда автордун берген идеясын дароо «илип» алган көндүм бат калыптанат. Бул макалада кыргыз адабияты сабагында лирикалык чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн айрым жолдорун баяндап бердик. Негизги максатыбыз - мектеп окуучуларынын олимпиадасы үчүн «Билимди баалоо жана окутуунун усулдары борбору» тарабынан түзүлгөн тапшырмалардын тибинде лирикалык чыгармаларды талдоого алуу. Илимий ишибизди кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн методикалык колдонмо катары сунуштайбыз.*

***Негизги сөздөр***: *лирика, метафора, метонимия, окутуу, сабак, программа, акын, ыр техникасы, сюжет, олимпиада.*

*В настоящее время основной проблемой учителей кыргызской литературы является отсутствие методических пособий и учебников по анализу лирических произведений, включенных в школьную программу. Чем точнее и обширнее анализ сущности художественного произведения в курсе литературы (кыргызский // русский), тем быстрее у студента, прочитавшего произведение, вырабатывается навык «улавливать» авторскую идею. В этой статье мы описали некоторые способы анализа лирических произведений в кыргызской литературе. Наша основная цель – работать над анализом лирических произведений по типу заданий составленых для школьных олимпиад «Центром оценки в образования и методов обучения». Мы предлагаем научную работу как методическое пособие для учителей кыргызского языка и литературы.*

***Ключевые слова***: *лирика, метафора, метонимия, обучение, урок, программа, поэт, техника стих, сюжет, олимпиада.*

*Nowadays, the main problem of teachers of Kyrgyz language and literature is the lack of methodological manuals and textbooks for the analysis of lyric compositions included in the school curriculum. The more accurate and extensive the analysis of the essence of a work of art in the course of literature, the faster the student who reads the work develops the skill of "acquiring" the author's idea. In this article, we have described some of the ways to analyze lyric works in Kyrgyz literature. Our main goal is to work on the analysis of lyric works by the type of assignments compiled for the school Olympiad by the "Center for Assessment in Education and Teaching Methods". We offer scientific work as a methodological guide for teachers of the Kyrgyz language and literature.*

***Key words***: *lyrics, metaphor, metonymy, training, lesson, program, poet, technique verse, plot, olympiad.*

Жыл сайын мектеп окуучуларынын олимпиадасы өткөрүлгөндөн соң, окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер арасында нараазычылыктар болуп келген. Жеңишке жетпей калган тараптар олимпиадалык тапшырмалардын, комиссиянын курамын, баалоо критерийлерин сынга алышып, түрдүү оң-терс пикирилер коомчулукта байма-бай айтылып келди. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги 2017-2018-окуу жылында мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын арасында олимпиаданы өткөрүү боюнча тендер жарыялаган. Олимпиада мына ошол жылдан тартып тендерде утуп чыккан мамлекеттик эмес көз карандысыз «Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору» (ББОУБ) *(«Центр оценки в образовании и методов обучении» ЦООМО)* тарабынан өткөрүлүп келе жатат. Бул коммерциялык эмес уюм буга чейин мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн жалпы республикалык тестин өткөрүп келе жаткандыгы менен бизге тааныш. ББОУБнын негизги өзгөчөлүгү окуучулардын теориялык билимдерин практика жүзүндө колдоно алуу көндүмүн текшерүү болуп саналат. Окуучунун жаттаган кургак билимдери турмушта маанилүү эмес, анын логикасы, ой чабыты канчалык деңгээлде өнүккөндүгүн, алган билимин турмушта канчалык колдоно аларын баалоо – бул уюмдун башкы максаты. Демек, олимпиадалык тапшырмаларда балдардын практикасына, ой чабытынын кенендигине, сөз байлыгына өзгөчө маани берилип жатат. Кыргыз тили жана адабияты сабагынан берилген тапшармалардын бир бөлүгү ырга, прозага талдоо жүргүзүү багытында. Бул болсо адабият мугалими үчүн сабакта лириканы талдоого басым жасоо зарылчылыгын жаратты.

Лирикалык чыгармалар мектеп программасында башталгыч класстардан (1-4-класстар) тарта окутулат. Бирок, бул мезгилде жөнөкөйдөн татаалга деген

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



принциптин негизинде ырлардын маңызын ачууга, ырдын техникасын талдоого өзгөчө басым жасалбайт. Ошентсе да, лирикалык чыгармаларга анализ берүү үчүн алгачкы пайдубал коюлат. Мугалим ырды балдарга окутуп бүтүп, *«Ырда эмне тууралуу сөз болду?», «Ырда кандай каармандар бар экен?», «Ал туура кылдыбы? Эмне үчүн?»* деген сыяктуу суроолорду берүү менен ырларды талдоого биринчи кадамдарды таштатат.

Ал эми ортонку класстарда (5-9-класстар) элдик поэзия, акындар чыгармачылыгы жана профессионал жазма адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармалары менен таанышышат. Бул мезгилде адабият теориясынан көркөм чыгармаларды талдоо үчүн зарыл болгон терминдер, түшүнүктөрдүн окуучуларга жеткирилүүсү зор мааниге ээ. Анткени, терминдер көркөм чыгарманы «жиликтөө» үчүн окуучунун негизги куралы болуп саналат.

Эгерде ортоңку класстарда талаптагыдай иштер алып барылса, жогорку класстын (10-11-класстар) окуучулары лирикалык чыгармаларга кыйналбай талдоо жүргүзүп калуусу зарыл. Тилекке каршы, азыркы учурда окуучулар ырды талдоо боюнча аксашат. Буга себеп мугалимдердин лириканы талдоодо методикалык жактан жетиштүү теориялык билимге, усулдук колдонмолорго ээ эместиги. Мунун айынан лириканы талдоо боюнча сабакта балдарга жеткиликтүү түшүндүрүлбөй келет.

5-11-класстардагы кыргыз адабияты сабагы боюнча жылдык сааттарынын орточо 23%ын лирикалык чыгармалар түзөт. Орто мектептерде адабият сабагында лирикалык чыгармалардын берилиши төмөнкү таблицада көрсөтүлдү [2, 6-12]:

| Класс | Жумалык сааттын саны | Жылдык жалпы саттын саны | Лирикалык чыгармаларга берилген саат саны |
|---|---|---|---|
| 5-класс | 2 | 68 | 14 саат |
| 6-класс | 2 | 68 | 19 саат |
| 7-класс | 3 | 102 | 18 саат |
| 8-класс | 2 | 68 | 15 саат |
| 9-класс | 3 | 102 | 14 саат |
| 10-класс | 2 | 68 | 33 саат |
| 11-класс | 2 | 68 | 4 саат |

Бул маалыматтан улам, орто мектепти аяктаган окуучуда лирикалык чыгармаларды анализдей алуу компетенттүүлүгү толук калыптануусу зарыл. Практик мугалим катары мектептеги реалдуу картинага жогору баа бере албайбыз. Учурда окуучулар ырды талдоо боюнча 2014-жылы кабыл алынган билим берүүнүн мамлекеттик стандартында көрсөтүлгөн талапка жооп бербейт. Мектептеги адабият мугалимдеринин басымдуу бөлүгү ырды жаттатуу менен гана чектелет. Ырга толук лирикалык анализ бере алган мугалимдер тилекке каршы, аз. Адабият мугалими лириканы талдоо боюнча методист-окумуштуулар С.Момуналиев, Б.Алымов, А.Муратовдордун жазган эмгектерине жана ББОУБнун түзгөн олимпиадалык тапшырмаларына таянса, максатка ылайык.

Лирикалык талдоо боюнча сунуш берүүдөн мурун ББОУБ тарабынан түзүлгөн олимпиадалык тапшырмага назар бурсак.

*Кыргыз тили жана адабияты (кыргыз класс). 1-күн.*

*1. Ырды көркөм окугула.*

*2. Ырдын темасын жана көркөм идеясын аныктагыла.*

*3. Ырдын формасына жана мазмунуна талдоо жүргүзгүлө* [3, 7-10].

Ушул үч тапшырманы аткара алган окуучу лирикалык талдоону жүргүзө алды дегендикке жатат.

Лирика адабияттагы үч тектин ичинен сюжетсиздиги, бир жарк эткен ирмемди, сезимди чагылдырылышы менен өзгөчөлөнөт. Ырдын окурманга таасир этүүсү автордун реалдуу турмушту чагылдыра алуусунан, лирикалык каармандын сезим-туюмдарын таасирдүү бере алуусунан көз каранды. Акын ырына карата чынчыл болуп, окурмандын мүдөөсүн сүрөттөөдө анын көксөгөнүн, турмуштагы издегенин бере алса, ыр окуучунун жүрөгүнө ошончолук таасир этет.

Лириканы окутуу менен окуучунун жан дүйнөсүн, аң-сезимин байытып, эстетикалык табитин калыптандырууга болот. Бирок ошол эле учурда аны окутууда да кыйынчылыктар жаралат.

**Лирикалык чыгармаларды окутууда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:**

1. Ырдын автору тууралуу маалымат;
2. Ырдагы автордун көтөргөн темасы жана идеялык жүгү;
3. Чыгармадагы көркөм сөз каражаттарынын берилиши;
4. Ырга техникалык талдоо.

Олимпиадалык тапшырмалардын шарты боюнча окуучу алгач ырды көркөм окуусу, ал учурда ырдын авторун атоосу зарыл. Бул үчүн да өзүнчө балл берилет. Демек, окуучу ырдын автору тууралуу сөзсүз маалымат берүүсү керек.

Ырдын авторун окуучуга тааныштырганда, өтө көп маалымат берүүнүн кажети жок. Таяныч сигналдарын ишке салып, типтүү маалыматтардын схемасын түзүп алуу жакшы натыйжа берет. Алар – акындын өмүрүнүн урунттуу учурлары, ишмердүүлүгү, адабияттагы негизги багыты, табылгалары, белгилүү

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



чыгармалары. Окуучу ушул негизги маалыматтарды айтып өтсө жетиштүү.




Лирикалык чыгармаларды талдоодо ырдын темасын табуу, деги эле анализ берүү үчүн адабий-теориялык түшүнүктөрдүн окуучуга жеткиликтүү болуусу – зор мааниге ээ. Окумуштуу-методист Ж.Шериев менен А.Муратовдордун лирикалык текти бир нече жанрга бөлгөн [4,117-121]. Алардын бөлүштүрүрүүсүн эске алып, ырлардын тематикасын төмөндөгүдөй тизмеге ылайык аныктоого болот:

- **Граждандык-атуулдук лирика** – *мекен, Ата Журт, саясат, коом, тарых жөнүндөгү ырлар.*
- **Турмуштук-философиялык лирика** – *өмүр, өлүм, жашоо, келечек, турмуш жөнүндөгү ырлар;*
- **Пейзаждык лирика** – *табият, жаратылыш, сулуулук жөнүндөгү ырлар;*
- **Элегия** – *жакын кишисинин ордун жоктоо, эскерүү маанисиндеги ырлар;*
- **Интим лирикасы** – *адам баласынын эң назик, түпкүрдөгү сезимдери жөнүндөгү, сүйүү темасындагы ырлар;*
- **Сатиралык лирика** – *турмуштагы терс көрүнүштөрдү сынга алган, сарказм маанидеги ырлар.*

Болжолдуу түрдө ырлардын тематикасы ушул багытта болот. Теманы аныктоо үчүн окуучуга бир канча ырларды берип, анын темасын табууга машыктыруу зарыл.

Ал эми идея чыгарманын темасынан улам «суурулуп» алынууга тийиш. Акын кандай теманы, кайсы көйгөйдү алып чыккан болсо, аны өз дүйнө таанымы, көз карашына ылайык келген идеяда чагылдырып берет.

Ырда катылып жаткан сыр, данектин маңызы – идеясы.

Ырдын идеясын ачууда ар бир сапка токтолуп, акындын айтайын деген оюн ачып берүүгө туура келет. Анткени чыгармадагы жалпы ойду ырды баштан аяк бир окуп чыгып, аныктоого мүмкүн болгону менен, анын тулку боюндагы ар бир бөлүктө өз-өзүнчө ойлор катылып жатканын аңдоо зарыл. Окуучуга ырдагы ар бир сапты «аңтарып», анын ичиндеги маңызды алып чыгуу милдети коюлат. Бир мисал катары акын Зайырбек Ажыматовдун ырына токтололу:

***МЕН - КЫРГЫЗМЫН!***

*Мен - кыргызмын, сатылбаган, сатпаган!*
*Мен - кыргызмын, баба наркын сактаган!*
*Ата Журтка жасасам деп бир эмгек*
*Ар күн сайын "Чоң казатка" аттанам.*
*Мен - кыргызмын, асман-жерге жашташмын!*
*Эзелкимин, келечекмин, максатмын.*
*Кылы дагы кыйшайганын каалабайм*
*Кырчылдаган "КЫРГЫЗ" деген жакшы аттын!*
[1,1].

*Ырдын темасы – граждандык лирика.*

*Акын бул ыры менен кыргыз улутунун улуулугун даңазалоо деген идеяны берип жатат. Ыр баштан аяк лирикалык каармандын өз улутунун мыктылыгына суктануусу, сыймыктануусу күчтүү сезим менен сүрөттөлөт.*

*Чу дегенде эле кыргыздардын тарыхына, баба наркына токтолот. Анын тарыхта сатылбаганын, өзү да сатпаганын айтып сыймыктанат. Бул нерсе акын үчүн күн сайын милдет артып, «Чоң казатка аттанам» деп кыйыр түрдө эли-жерине пайдасы тийген инсан болууну көксөйт.*

Ырдын ар бир сабына токтолуу менен көркөм сөз каражаттарын таап кетүү максатка ылайык. Талдоонун бул этабында сүрөткердин кеп байлыгынын булактарын, көркөм сөз каражаттары, стилиситикалык фигуралардын ар бирин таап, алар ырда кайсы максатта колдонулгандыгын белгилөө зарыл.

***Кайдан келдиң? Маңызың не? Түбүң ким?***
*Көктөн мөлт деп тамып түшкөн* ***нурдайсың,***
*Кайдан менин көөдөнүмдө тирилдиң,*
*Тагдырымды желе тартып чырмайсың...* [5, 26].

*Кээде* ***дөөсүң***, ***кумурскасың*** *кээ бирде,*
*Ташты көзөп өтүп кеткен* ***октойсуң.***
*Эч ким билбейт не турганын дилиңде, -*
*Бир кезде эле,* ***бардайсың да, жоктойсуң*** [5, 9].

*Түрмөктөрдүн көпчүлүгүндө лирикалык каарман, өз менине карата* ***риторикалык суроо*** *салат. Анын кайдан келгенин, маңызы, түпкү теги ким экенин билип турса да, ага карата собол менен кайрылат. Ал эми эң көп колдонулган троптун түрү катары* ***салыштырууну*** *айтсак болот. Дээрлик ар бир*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*куплеттеги салыштыруулар ырдын образдуулугун күчөтүүгө салым кошо алган.*

*«Кээде* ***дөөсүң****,* ***кумурскасың*** *кээ бирде,» - деп егону* ***гипербола*** *жана* ***литота*** *аркылуу анын өлчөмүндөгү карама-каршылыкты өтмө мааниде сүрөттөсө, Эч ким билбейт не турганын дилиңде,*

*Бир кезде эле,* ***бардайсың да****,* ***жоктойсуң****. - деп лирикалык каармандын ичинде жашап жаткан эгонун бар-жоктугун* ***антитеза*** *аркылуу сүрөттөйт.*

Бирок ар бир ырда троптун бардык түрлөрү катышуусу мүмкүн эмес. Акындын кеп кору, сөз байлыгы, ойду образдуу бере алуусуна ылайык көркөм сөз каражаттары, стилистикалык, синтаксистик фигуралар ар түрдүү колдонулуусу мүмкүн.

Ырдын түзүлүшү боюнча талдоо жүргүзүүдө муунак, муун, уйкаштык эске алынышы керек. Бул боюнча адабий-теориялык түшүнүктөр окуучуларга жеткирилүүсү зарыл.

Кыргыз адабиятындагы ырлар түзүлүшү боюнча башка түрк тилдериндеги ырлар сыяктуу **силлабикалык** системага кирет. Мында ырдагы муундардын санынын бирдейлиги ритмди түзүүнүн каражаты болуп турат. Лириканы талдоодо ар бир муундун жана муунактын чегин так ажыратып берүү талабы коюлат.

*Ырдагы строфалар, негизинен, 11 муун, 3 муунактан турат.*

*Ал эми строфа төрт саптуу - катрен.*

*Кээ/де дөө/сүң, // ку/мурс/ка/сың // кээ бир /де,*
*(11 муун, 3 муунак)*
*Таш/ты кө/зөп // ө/түп кет/кен // ок / той/суң.*
*(11 муун, 3 муунак)*
*Эч ким бил/бейт // не тур/га/нын // ди/лиң/де,*
*(11 муун, 3 муунак)*
*Бир кез/де э/ле, // бар/дай/сың да, // жок/той/суң.*
*(12 муун, 3 муунак)* [5, 9]

*Уйкашкан саптарынын ырдагы ордуна карай үч орундун акыркысында б.а. ырдын акыркы сөздөрү уйкашкан. Ал эми уйкаштыктын түзүлүшүнө карай анын жөнөкөй да татаал түрүн кезиктирүүгө болот.*

*Мисалы:*
***(жөнөкөй)***
*Миң жыл жашап, кексе болгон* ***чалдайсың,***
*Ажыдаардай жутамын деп* ***арбайсың.***
***(татаал)***
*Сен кайда элең? Аба белең,* ***от белең?***
*Өктөм бийлеп өмүр сүргөн* ***жок белең?..*** [5, 34].

*Уйкашкан сөздөрдүн куплеттеги ордуна карай* ***аттама*** *же* ***кайчы*** *уйкаштарды колдонгон.*

*Түпкү башат күч-кубатың алаамат. (а)*
*Сага жетсем, арылам ой-мүдөөдөн. (б)*
*Кудай менен сүйлөшөмүн шыбырап, (а)*
*Жүрөгүмдү түнөк кылып түнөгөн (б)* [5, 22]

Кыргыз адабияты сабагында лирикалык чыгармаларга талдоо жүргүзүү талаптагыдай жүргүзүлгөндө, олимпиадалык тапшырмаларды аткарууда окуучуларда кыйынчылык туулмак эмес. Макалабызда сөз кылынган сунуштарыбыз идеалдуу дегенден алыспыз. Ошентсе да, олимпиадалык топ менен иштеген адабият мугалими үчүн методикалык жардам катары колдонууга болот.

**Адабияттар:**


1. Ажыматов З. Мен кыргызмын. Автор: КМВЗ · 11.11.2009 https://kmb3.kloop.asia/2009/11/11/azhymatov-zajyrbek/
2. Кыргыз адабиятынын программасы: Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын V-IX кл. үчүн / Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов - Б., 2018.
3. Республикалык олимпиаданын II (райондук) этабы Кыргыз тили жана адабияты (кыргыз класстары үчүн) 1-күн http://www.testing.kg/media/uploads/files/olimpiada/2019_2020/kyrg_kyrg_1_zadan.pdf
4. Шериев Ж. Муратов А., Адабият теориясы. - Б., 2004.
5. Эрматов Э. Alter ego (Мендеги мен). - Ош, 2005.
6. Кыбыева З.Ж., Апжапарова А.Ш., Джороева А.Т. Актуальность современного образования и воспитания по предмету литература и нравственность. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 6. С. 249-252.
7. Көлбаева М.К., Исмаилова Ж.Б. Акындар чыгармачылыгынын изилдөө тарыхынан. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2013. №. 6. С. 258-260.